19-тиркеме

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
Кесиптик бирлик уюмунун төрайымы
____________С.Тиленбаева
_06_____09_____2019-жыл

**БЕКИТЕМ**
Мектеп директору
____________А.Асаналиева
____________2019-жыл

**К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин жараштыруу кызматынын, же чыр-чатактарды жөнгө салуу комиссиясы боюнча**
**ЖОЛ –ЖОБОЛОР**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Жараштыруу кызматы же чыр-чатактарды жөнгө салуу комиссиясы, мектепте мугалимдердин, ата-энелердин жана окуучулардын ыктыярдуу аракетинин негизинде иштеген коомдук кызмат болуп эсептелет.

1.2. Жараштыруу кызматы колдонуудагы мыйзамдардын, мектептин Уставынын жана берилген жол – жобонун негизинде иш алып барат.

## 2. Жараштыруу кызматтарынын максаттары жана милдеттери

2.1. Жараштыруу кызматынын максаты, кайра калыбына келтирүү сот акыйкаттыгынын принциптеринин негизинде чыр –чатак жана кылмыш кырдаалдарынын катышуучуларынын социалдык реабилитациясы жана алардын алдын алууга көмөктөшүү.

2.2. Жараштыруу кызматынын милдеттери төмөнкүлөр:

- Мектептеги чыр – чатактарды жана кылмыш кырдаалынын катышуучулары үчүн жараштыруу программаларын өткөрүү.
- Билим берүү процессинин катышуучуларын чыр – чатакты тынч жол менен жөнгө салуу ыкмаларына окутуу.

## 3. Жараштыруу кызматынын ишмердүүлүгүнүн принциптери

3.1. Ыктыярдуулук принциби, мында мугалимдердин, ата- энелердин жана окуучулардын кызматтык ишиндеги өз ыктыярдуу катышуусу жана ошондой эле чырга катышкан эки тараптын жараштыруу программасына ыктыярдуу макулдугун камтыйт.

3.2. Купуялык принциби-программанын жүрүшүндө алынган маалыматтардын сыртка жайылып кетпөөсү боюнча Жараштыруу кызматынын жоопкерчилигин камтыйт. Өмүргө, ден соолукка жана коопсуздукка зыян келтирүү ыктымалдыгы болгон учурлардан башкасы камтылат. Бул өзгөчө учур болуп эсептелет.

3.3.Бейтараптуулук принциби, жараштыруу кызматына чырдын катышуучуларынын бирине жан тартууга тыюу салынат. Жараштыруу кызматы тигил же бул тараптын күнөөлүү же күнөөсүз экендигин аныктабайт, эки тарапка ортомчу катары тараптардын өз алдынча чечим табып, жыйынтык чыгарууга жардам берет.

## 4. Жараштыруу кызматын түзүүнүн тартиби

4.1. Жараштыруу кызматынын курамына жараштыруу программаларын өткөрүү боюнча кесиптик бирлик уюмунун мүчөлөрү, окуудан өткөн мугалимдер, социалдык мугалим, ардагер мугалимдер, ата-эне комитетинин мүчөлөрү, 8-11 – класстын окуучулары кире алат.

4.2. Мектептин директорунун буйругу менен жетекчилик боюнча милдеттер жүктөлгөн социалдык педагог, психолог жана мектептин башка педагогикалык кызматкери жараштыруу кызматына жетекчилик кыла алат.

## 5. Жараштыруу кызматынын ишмердүүлүк тартиби.

5.1. Жараштыруу кызматы окуялар жөнүндө маалыматты мугалимдерден, окуучулардан жана алардын ата- энелеринен, мектептин администрациясынан ала алат.

Scanned by TapScanner

5.2. Жараштыруу кызматы ар бир конкреттүү окуя боюнча жараштыруу программасын өткөрүү мүмкүндүгү же мүмкүн эместиги боюнча чечимди өз алдынча чыгарат. Керек учурда кабыл алынган чечим жөнүндө мектептин кызматтык адамдарына кабарланат.

5.3. Жараштыруу программасы чырдашкан тараптар бул программага катышуу макулдугун берген учурда башталат. Эгерде бир же эки тараптын тең иш-аракети мыйзам бузуу катары бааланса, алардын ата-энелеринин да макулдугу же алардын катышуусу зарыл.

5.4. Эгерде жараштыруу программасы тергөө жана алгачкы текшерүү убагына пландаштырылып жаткан болсо, анда программаны өткөрүү мектептин жетекчилигине кабарланат, керектүү учурда ички иштер органдары менен макулдашуу жүргүзүлөт.

5.5. Ата-энелер жана кызмат адамдары менен сүйлөшүүлөрдү жараштыруу кызматынын жетекчиси жүргүзөт.

5.6. Жараштыруу программасы мыйзам бузуу, наркотикалык заттарды колдонууга байланышкан жана абдан катуу ырайымсыздыктан жасалыш фактылары менен жүргүзүлбөйт. Жараштыруу программасына психикалык жактан соо эмес адам катыша албайт.

5.7. Жараштыруу кызматы ар бир окуя боюнча программа өткөрүүнүн мөөнөтүн жана баскычтарын өз алдынча аныктайт.

5.8. Эгерде жараштыруу программасынын жүрүшүндө эки тарап келишим түзүп, жетишилген жыйынтык жарашуу келишиминде катталат. Керектүү учурда, келишимдин көчүрмөсү мектептин администрациясына берилет.

5.9. Жараштыруу кызматы эки тарап өз моюнуна алган милдеттендирмелердин аткарылышынын үстүнөн көзөмөл жүргүзөт. Милдеттендирмелердин аткарылышында кыйынчылыктар жаралып калса, жараштыруу кызматы тараптарга кыйынчылыктардын себебин аныктап, аны жеңүү жолдорун табууга жардам берет.

5.10. Керектүү учурда жараштыруу кызматы, жараштыруу программасынын катышуучуларына социалдык реабилитация боюнча кызматтарын колдонууга жардам берет.

## 6. Жараштыруу кызматынын ишмердүүлүгүн уюштуруу

6.1. Мектептин жетекчилиги менен макулдашып жараштыруу кызматына жараштыруу программаларын жүргүзүү үчүн кабинет бөлүнүп берилет.

6.2. Мектептин кызмат адамдары жараштыруу кызматына кызматтын ишмердүүлүгү боюнча мугалимдер, окуучулар жана алардын ата-энелери арасында маалымат таркатууга көмөктөшөт.

6.3. Жараштыруу кызматы мектептин психологунун жана башка адистеринин тейлөө кызматын пайдалануу укугуна ээ.

6.4. Мектептин администрациясы кызматтын социалдык кызматтар жана башка мекемелер менен өз ара аракеттешүүсүнө көмөктөшөт.

6.5. Эгерде жараштыруу программасы, кылмыш иши козголгон факт боюнча жүргүзүлгөн болсо, мектептин администрациясы иштин материалдарына жараштыруу келишимин жана башка айыпталуучунун өздүгүн мүнөздөөчү, мүлктүк зыяндын ордун ыктыярдуу толтуруусун тастыктоочу жана келтирилген зыяндын ордун толтурууга багытталган башка иш –аракеттерди далилдөөчү материал катары кошуп коюу жөнүндө өтүнө алат.

## 7. Жыйынтыктоочу жоболор.

7.1. Берилген жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7.2. Берилген жобого өзгөртүүлөрдү жараштыруу кызматынын же мектепте биргелешип башкаруу органдарынын сунуштары боюнча директор тарабынан киргизилет.

Scanned by TapScanner